# Зоичкага

с.Торгой Асанов

о.Туратбек Дүйшеев

Жолуктум тагдыр кошуп сени менен

Жан элең токтоо мүнөз пейлиң кенен

Жашадым аппак сүйүү кучагыңда

Азыр да ошол бойдон сүйүп келем

Жашадык эрши-аркак эгиз болуп

Кут конуп телегейи тегиз болуп

Балдарың өз колуңдан өсүп чыкты

Турчу эле сүйүүбүздө бакыт конуп

Соңуна бирге жетпей бул өмүрдүн

Ажырап жалгыз калдым орто жолдо

Чын экен жандар бөлөк болот деген

Өзүңдөн калбайт элем колдо болсо

Айта албайм ал сезимди муңга толгон

Мүрзөңдү тегеренип кала бердим

узатып жан биргемди бейишине

Тапшырып өз койнуна кара жердин

Элесиң ойдо турат бассам турсам

Жолугам деп ал дүйнөдөн кыял курап

Билсем да ал тилегим ишке ашпасын

Сен үчүн жашап келем өмүр улап.